КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезектеги X сессиясы**

29-апрель 2023-жыл

Уч-Коргон айылы

Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облустундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жыл 28-январь №01-18/631 сандуу катын аткарууга алуу жөнүндө

**ТОКТОМ №10/1**

Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 22-мартындагы №01-17/742 сандуу катын жетекчиликке алып “Жашыл Мурас ” улуттук компаниясын ийгиликтүү өткөрүү жана бак дарактардын көчөттөрүн отургузуу, сугаруу, кам көрүү жана отургузулган көчөттөрдүн өнүмдүүлүгү боюнча иштерди сапаттуу жана өз убагында аткаруу максатында , Уч-Коргон айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облустундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жыл 28-январь №01-18/631 сандуу каты жана Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 22-мартындагы №01-17/742 сандуу каты аткарууга жана жетекчиликке алынсын.
2. “Жашыл Мурас ” улуттук компаниясын ийгиликтүү өткөрүү жана бак дарактардын көчөттөрүн отургузуу, сугаруу, кам көрүү жана отургузулган көчөттөрдүн өнүмдүүлүгү боюнча иштерди сапаттуу жана өз убагында аткарууда жооптуу жетекчи жана кызматкерлер бекитилсин.
3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №89-т сандуу тескемесинин 7-пунктун аткаруу максатында иш-чаралар камсыз кылынсын.
4. Аткарылып жаткан иштердин абалы боюнча Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясына маалыматтар берилип турулсун.
5. Ушул токтомдун аткарылышын айыл өкмөтүнүн башчысы М.М.Токторовго жүктөлсүн.

**Уч-Коргон айыл кенешинин төрагасы:** **Б.Юрсунов**